УДК: 821-82.94 (575.2) (04)
DOI 10.53473/16946324_2024_3/1

**Токтогулова Айгуль Токтогуловна,**
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети,
Ага окутуучу, toktogulova-92@mail.ru
**Токтогулова Айгуль Токтогуловна,**
Международный университет Кыргызской Республики,
Старший преподаватель, toktogulova-92@mail.ru
**Toktogulova Aigul,**
International University of the Kyrgyz Republic,
Senior teacher, toktogulova-92@mail.ru

# МААЛЫМАТТЫК ЖАНА АНАЛИТИКАЛЫК ЖУРНАЛИСТИКА БОЮНЧА ТҮШҮНҮКТӨР

# КОНЦЕПЦИИ ИНФОРМАЦИОННОЙ И АНАЛИТИЧЕСКОЙ ЖУРНАЛИСТИКИ

# CONCEPTS OF INFORMATION AND ANALYTICAL JOURNALISM

***Кыскача мазмуну:*** *Маалыматтык жана аналитикалык журналистиканын түшүнүктөрү заманбап журналисттердин ишинин маанилүү аспектилерин жана алардын коомдогу ролун камтыйт.*

*Маалыматтык журналистика жаңылыктарды жана фактыларды аудиторияга жеткирүүгө басым жасайт. Маалымат журналисттеринин негизги милдети-актуалдуу окуяларды жана маалыматтарды чогултуу, текшерүү жана жеткирүү. Буга учурдагы окуяларды, саясий окуяларды, экономикалык өзгөрүүлөрдү жана башка маанилүү жаңылыктарды чагылдырган жаңылыктар, отчеттор жана макалалар жазуу кирет. Маалыматтык журналистика маалыматтарды берүүнүн ыкчамдыгына жана тактыгына басым жасап, аны коомдук маалымдуулукту камсыз кылуунун негизги элементи кылат.*

*Аналитикалык журналистика экинчи жагынан, окуяларды жана тенденцияларды тереңирээк түшүнүүгө багытталган. Бул тармакта иштеген журналисттер контексттик жана мазмундуу материалдарды түзүү үчүн маалыматты изилдөө жана талдоо менен алектенишет. Аналитикалык макалалар жана отчеттор көбүнчө окуялардын себептерин жана кесепеттерин баалоону, ошондой эле келечекке ар кандай көз караштарды жана божомолдорду камтыйт. Алар журналисттерден татаал маселелерди жеткиликтүү жана негиздүү түрдө жеткирүү үчүн терең даярдыкты жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн талап кылат.*

*Бул эки ыкма биригип, тең салмактуу жана көп кырдуу окуяларды чагылдырып, аудиторияга учурдагы жаңылыктардан кабардар болуп турбастан, анын терең жактарын жана кесепеттерин түшүнүүгө жардам берет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Гезиттер, маалыматтык жанр, аналитика, публицистика,, жанрдык өзгөчөлүктөр, басма сөз.*

***Аннотация:*** *Концепции информационной и аналитической журналистики охватывают важные аспекты работы современных журналистов и их роли в обществе.*

*Информационная журналистика фокусируется на предоставлении новостей и фактической информации аудитории. Основная задача информационных журналистов — собирать, проверять и передавать актуальные события и данные в понятной и доступной*

*форме. Это включает в себя написание новостных заметок, репортажей и статей, которые отражают текущие события, политические события, экономические изменения и другие значимые новости. Информационная журналистика ориентирована на оперативность и точность передачи данных, что делает её ключевым элементом для обеспечения общественного осведомления.*

*Аналитическая журналистика, с другой стороны, направлена на более глубокое понимание событий и тенденций. Журналисты, работающие в этой сфере, занимаются исследованием и анализом информации для создания контекстуализированных и осмысленных материалов. Аналитические статьи и репортажи часто включают в себя оценку причин и последствий событий, а также различные точки зрения и прогнозы на будущее. Они требуют от журналистов более глубокой подготовки и способности к критическому мышлению, чтобы представить сложные вопросы в доступной и обоснованной форме.*

*Вместе эти два подхода обеспечивают сбалансированное и многогранное освещение событий, помогая аудитории не только быть в курсе текущих новостей, но и понимать их более глубокие аспекты и последствия.*

***Ключевые слова:*** *газеты, информационные жанры, аналитика, публицистика,, жанровые особенности, пресса.*

***Abstract:*** *The concepts of information and analytical journalism cover important aspects of the work of modern journalists and their role in society. Information journalism focuses on providing news and factual information to the audience. The main task of information journalists is to collect, verify, and transmit current events and data in a clear and accessible form. This includes writing news stories, reports, and articles that reflect current events, political developments, economic developments, and other significant news. Information journalism is focused on the efficiency and accuracy of data transmission, making it a key element in ensuring public awareness. Analytical journalism, on the other hand, is aimed at a deeper understanding of events and trends. Journalists working in this field engage in research and analysis of information in order to create contextualized and meaningful materials. Analytical articles and reports often include assessments of the causes and consequences of events as well as various points of view and forecasts for the future. These require journalists to possess more in-depth training and critical thinking skills to present complex issues in an accessible and informed manner. Together, these two approaches provide balanced and multifaceted coverage of events, helping audiences not only stay up to date with current news but also understand its deeper aspects and implications.*

***Keywords:*** *newspapers, information genre, analytics, journalism, genre features, press.*

---

Маалымат жанрлары массалык маалымат каражаттарында эң негизги ролду ойнойт. Аталган жанр калган эки жанрлдардан өзгөчөлүгү – фактыны, жеткилүү, ыкчам жеткирүүнү, чындыкты объективдүү чагылдырууну талап кылат. Бул жанрлар аналитикалык жана көркөм публицистикалык жанрларга караганда массалык аудиторияда кеңири чагылдырылат.

Окуя бир аз мурдараак же азыр эле белгилүү болдубу? Эгер ушундай болсо, анда ал кызыгуу жаратат. Албетте, «бир аз мурдараак» дегендин мааниси да маалымат каражаттарына жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Жумалык газета үчүн мурунку сан чыккандан кийинки апта ичиндеги нерселердин баары учурдагы нерсе катары каралат. Ал эми, 24 сааттык кабелдик жаңылыктар каналы үчүн «шашылыш кабарлар» же ошол мүнөттө болуп жаткан окуялар учурдун жаңылыктары болуп эсептелет, алар кабарчы тарабынан окуя болгон жерден берилет. Мисалга премьер министр же кино жылдызы сыяктуу адамдар аралашкан болсо, кадимки окуялар же кырсыктар жаңылыкка айланат. «Эгер ит адамды каап алса, бул жаңылык эмес. Бирок адам идти каап алса, анда бул жаңылык болот!» Өтө таң каларлык же күтүлбөгөн нерсе адамдын табигый кызыгуусун туудурбай койбойт.

Окуянын жаңылык болушу белгилүү бир аудиториянын кайсы жерде байырлаганына эмес, анын курамына жана ким экендигине көз каранды болот. Жаңылык даярдоочу мекемелер өз ишин коомдук кызмат катары карашат. Ушундан улам жаңылыктар күндөлүк турмушта зарыл болгон жана демократиялык коомдогу адамдар үчүн керектүү маалыматтардан түзүлөт. Бирок, жаңылык даярдоочу мекемелердин көпчүлүгүнүн иши бизнес да болуп эсептелет, алар өз жашоосу үчүн пайда табууга тийиш, ушундан улам жаңылыктар аудиториянын көңүлүн бура турган нерселерди камтыйт. Бул эки өзгөчөлүк бири-бирине карама-каршы келбөөгө тийиш. Кээбир кызыктуу окуялар чынында маанилүү жана кызыктуу. Жаңылык мекемелери окуяларды эки негизгиге бөлүп келген. Актуладуу маалыматтар жана баяндамалар категорияларына.

Актуалдуу маалыматтар тез ылдамдыкта чыккан жаңылыктар болот. Жаңылыктардын ушул тибине гезиттин биринчи бетиндеги же веб-сайттын үстүндөгү маалыматтар кирет. Мисалы, экономика, саясат, социалдык маселелер жана кылмыш көп учурларда актуалдуу жаңылыктардын темасы болот. Миңдеген адамдардын жумушуна бара албай калышына себеп боло турган автобус айдоочулардын ошол күнкү иш таштоосу-актуалдуу жаңылык. Бул- учурдун карама- каршылыктуу жана таасирдүү окуясы. Коомчулук так маалыматка муктаж, анткени ал адамдардын күндөлүк турмушуна таасирин тийгизет.

Ал эми жетим болуп чоңоюп, дүйнөгө белгиүү болгон спортчу тууралуу сюжет тематикалык баяндамаларга кирет. Бул атактуу адам аралашкан кызыктуу, ары таң каларлык окуя, муну адамдар өз ара талкуулай тургандыгы анык. Бирок муну гезитке чыгаруунун же телерадиодон берүүнүн зарылдыгы жок. Ушунун өзү аны тематикалык баян кылып турат. Көптөгөн гезиттердин жана маалымат сайттарынын жашоо таризи, үй жана үй-бүлө, искусство жана көңүл ачуу тууралуу кабарлар берилүүчү атайын тематикалык бөлүмдөрү бар.

Актуалдуу маалыматтар жана тематикалык баяндамалар темасы боюнча бөлүнбөйт. Көп учурларда актуалдуу маалыматтар ар башкача жазылат. Адатта көйгөйлүү жаңылыктарды аудитория маанилүү маалымат катары мүмкүн болушунча тез ала тургандай кылып жазышат. Баяндамаларды жазгандар аудиториянын көңүлүн буруу үчүн кызыктуу окуялар же мисалдар менен башташат. Айрым баяндарда бул эки ыкмалар тең колдонулат. Убакытка көз карнды болбогон, бирок маанилүү маселелерге арналган макалалар көп учурда «жаңылык макалалар» деп аталат. Мисалы, коомчулуктун СПИДге каршы күрөшү «жаңылык кабары» болуп эсептелет. Ал эми СПИД менен ооругандарды жаңыча дарылоо тууралуу кабар актуалдуу жаңылык болуп эсептелет. Макалалар айрым адамдардын тажрыйбаларын баяндоо менен коомдогу тенденцияларды же социалдык татаал проблемаларды иликтөөнүн натыйжалуу жолу.

Журналисттер маалыматтарды төмөнкү үч жол менен алат:

- кырсык болгон жерге баруу;
- жолугушуу же пресс-конференция, иш-чараларга катышуу;
- кабарчылык иш

Күтүүсүз окуялар негизги жаңылык болот. Кеменин чөгүп кетиши, самолёт кырсыгы, топон суу же көчкү ушул тариздеги маалыматтар бир нече күн же жума өтсө да өз актуалдуулугун жоготпой жаңылык бойдон кала берет. Анын масштабы кандайдыр бир деңгээлде окуя каттаган жердин алыс-жакынына жана ага ким катышканына жараша болот. Айталы, Польшадагы күндө катталып келген самолёт кырсыгы ошол күндүн чоң жаңылыктарынан болмок эмес эле. Бирок, 2010-жылы 8-апрелде Катрин шаарында катталган кырсык Польшада эле эмес дүйнөдөгү өтө чоң жаңылык болду.

Анткени, кырсыктан каза тапкандардын бири – Польша президенти Лех Качинский. Кырсыктын күбөсү болгон жарандар көп учурда жаңылык мекемелерине кайрылышат. Мындан тышкары журналисттер маалыматты алгачкы күбөөлөрдөн: ички иштер министрлигинен, өрт өчүргүчтөрдөн жана куткаруу кызматтарынан алышат. Айрым өлкөлөрдө кабар уюмдары тез жардам кызматтары менен байланышып, окуя болгон жерге журналисттерди дароо жөнөтүп, көз салып турушат.

Маалыматтык жанрларына тиешелүү болгон тексттер массалык маалымат агымынын негизги бөлүмүн түзөт. Мезгилдүү басмада, жалпы эле массалык маалымат каражаттарында мындай түрдөгү тексттер оперативдүү маалыматарды негизги таркатуучулар болуп эсептелет.

Мезгилдүү басмадагы маалымат жанырынын түрлөрү төмөнкүдөй бөлүнөт; заметка, корреспонденция, маалыматту отчеттор, маалыматтуу интервью, суроо-жооп, репортаж, некролог.

1. Кыскача кабарлар жана анын түрлөрү.
2. Фактологиялык маалымат.
3. Алдын ала эскертүүчү маалымат**.**
4. Программалык маалымат.
5. Заметканыны түрлөрү.

Макала ар кандай жанрды түзүүчү факторлордун бири – бирине болгон таасиринин жыйнтыгы катары каралышы мүмкүн. Ошондуктан учурдагы мезгилдүү басма сөз беттеринде тез-тез чагылдырылып турган макалалардын жанрдык түрлөрүнө токтолсок алар төмөнкүлөр:

1. Кыскача кабарлар.
2. Анонс.
3. Аннотация.
4. Кичине рецензия.
5. Блиц-бейне.
6. Баяндама.
7. Кичине тарых.
8. Мини-кеңеш.

Мамлекеттибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин басма сөздө да демократиялык принципттер орун-очок алып, андан ар кандай ой-пикирлердин политрасын көрө баштады[2]. Мына кайрадан эле кыргыз басма сөзүндө көч башы болуп келген «Кыргыз Туусу» жаңы айдыңдарды ачып, конструктивдүү жана радикалдуу маселелерди козгогон курч материалдарды жарыялай баштады.

Аталган гезит, мурда башынан аяк жалаң өкмөт менен партиянын жүргүзгөн ишин, саясаттын жазып келген болсо, ал эми бүгүнкү күндө элибиз эгемендүүлүктү алгандан кийин гезиттин тили, стили, жасалгасы да өзгөрдү. Гезитте адамдардын ар кыл тагдырлары, каттары, ой-пикирлери, ар кандай маселелери камтылган. Гезит беттери чакталуу экендигине карабай, кенже балдардан тартып, улуу муундарга чейинкилердин кызыкчылыгын чагылдырууга аракет кылышууда. Искусствонун көрүнүктүү залкарлары менен да дил маектер уюштурулуп, алардын жана голливуд жылдыздарынын чыгармачылыгы, окурмандарыбызды кеңири таанылып келүүдө. «Кыргыз Туусу» гезитинин ээлик кылуучусу Өкмөт. Демек, – бул гезит журналисттер аркылуу эл Өкмөттө болуп аткан жаңылыктардан кабардар болуп жана аткарылып аткан маселелерди, Президенттин баардык иш-аракеттеринен кабар алып турууга акысы бар. «Кыргыз Туусу» гезити өкмөттүк жаңылыктарга көбүрөөк басым жасайт.

Бүгүнкү күндө «Кыргыз Туусу» гезити он алты бет менен жумасына эки ирет (бир айда сегиз жолу) чыгып, 20100 тираж менен мамлекеттин бардык булуң – бурчтарына чейин таркатылат. Гезиттин ар бир санында Президенттин иш сапарлары, расмий билдирүүлөрү, өкмөт курамы жөнүндө элге кеңири маалыматтар берилип турат. «Кыргыз Туусу» (Төл гезит) өзгөчө саясат жана экономикалык реформа жөнүндө кабарлар көбүрөөк орун берилип турат. Негизинен «Кыргыз Туусу» гезити саясий маалымдоо багытында көп макала жазганына байланыштуу мамлекеттеги саясий темадагы маалыматтар гезитин беттеринен көп орун алган. Маалымат жанрынын өзү эле коомдо актуалдуу экени баарыбызга белгилүү. Негизгиси «Кыргыз Туусу» газетасында маалымат жанрлары айрыкча кабарлар, маалыматтуу отчеттор, маалыматтуу интервью арбын кездешет. Мындан тышкары эскерүүлөр, окурмандын пикири, конкурстар, акциялары жана маркум болгондорго

коңүл айтуулар да жарыяланат.

Өкмөттүк гезиттин экономика тармагында мамлекеттин очогу болгон экономика маселелери биринчи орунда турат. Эки жылды (2009-201) талдап көрсөк. 2009-жылы 20-январь күнү, Кыргыз Республикасынын Президенти К.Бакиев Жогорку Кеңештин аппаратынын маалымат технологиялары бөлүмүнүн кеңешчиси Эрнис Исаковду кабыл алган. Исаковго 2006-жылы жарык дүйнөгө келген үч эм балдары үчүн «Жал» кичи районунда жайгашкан үйлөрдүн биринен эки бөлмөлүү муниципалдык кызматтык квартираны алуу мүмкүнчүлүгүн берген сертификатты тапшырганды окурмандарга маалымдалды.

27-февралдын 9-санына чыккан макалада «Парламент жумалыгы» рубрикасынын кабарчы Нарынкүл Назаралиева**.** Улуу Британия менен Кыргызстандын товар жүгүртүүсү 19 миллион долларга жеткендигин коомго жарыялаган. Бул макаланын ток этер жери Жогорку Кеңештин Төрагасы Айтибай Тагаев менен Улуу Британиянын Кыргызстандагы ыйгарым укуктуу элчиси Пол Браммелдин жолугушуусунда эки өлкөнүн экономика тармагы, эл аралык терроризмге каршы күрөшүү, парламентер аралык байланыштын андан аркы чыңдалышы тууралуу маселелер козголгон. Улуу Британия менен Кыргызстандын ортосундагы товар жүгүртүү 2007-жылы 19 миллион долларды түзгөндүгү, бул багытта андан кем эмес иштер аткарылары айтылган.

«Сиз экономикалык кызматташтыктын өнүгүшү үчүн өз салымыңызды кошоруңузга ишенемин. Биздин мамлекет ыңгайлуу инвестициялык шарттарды либералдаштырууда конкреттүү иш-чараларды кабыл алып жатабыз», – деген ЖКнын төрагасы Айтибай Тагаев. Ал салык саясатына реформалык өзгөртүүлөр киргизилип, салыктын бир нече түрлөрү кыйла кыскаргандыгын билдирген. Ушул айда гезиттин 4-санына корреспондент З. Токоева «Жазгы-талаа жумуштарына акча каралды, эми маселе анын аткарылышында калды», – деп жазган. Премьер-министр Игорь Чудинов Кыргыз Республикасынын Президентинин «2009-жылында жазгы-талаа жумуштарын ийгиликтүү өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгы жүзөгө ашыруу жөнүндө токтомго кол койду.

«Куш кабарлар» рубрикасынын бетинен орун алган макала, «Кыргызстан бизнестин чылбырын бекем кармоодо**,-** деп окурмандарга жарыялаган. Бизнес жүргүзүүнүн деңгээли боюнча бүткүл дүйнөлүк Банктын рейтингинде ошол жылы 181 өлкөнүн арасында Кыргызстан 68-орунду ээлеген. Бул туурасында Бишкекте кыргыз-япон ишкер бизнес форумунда Япониянын Кыргызстандагы элчиси Юичи Иизука билдирген. Өткөн жылдын рейтингинде Кыргызстан 99-орунда турган. «

Дүйнөлүк Банктын эсептөөлөрү боюнча Кыргызстан Япониянын көрүнүктүү сода өнөктөрүнүн эсебине кирбейт, бирок бардык багыттар боюнча кызматташтык ылдам темп менен өнүгүүдө»,- деп кошумчалаган. 25-февралда мамбашчы К.Бакиев Дүйнөлүк банктын Европа жана Борбордук Азия аймагы боюнча вице-президенти Шигео Катцу мырзаны кабыл алгандыгын журналист тастыктаган. Жолугушууга Борбордук Азия боюнча аймактык директору Моту Кониши мырза, Дүйнөлүк банктын түштүк-чыгыш Азия боюнча аймактык директору Аннет Диксон айым жана Дүйнөлүк банктын Кыргызстандагы өкүлү Роджер Робинсон мырза катышкан. А. Карбозованын макаласы «жакырчылык XXI кылымдын башыкы оорусу»,- деген темада жазган.

Мурдагы вице-премьер-министр Өмүрбек Бабанов Дүйнөлүк банктын Европа жана Борбордук Азия аймагы боюнча вице-президенти Шигео Катцу менен болгон жолугушуусунда Кыргызстан Өкмөтү дүйнөлүк финансылык кризиске карабастан, донордук биргелештиктердин алдында өзүнө кабыл алган милдеттенмелерди орундатууну улантып жаткандыгын белгилеген. Өнүгүүнүн эл аралык ассоциациясынын алкагында азык-түлүк жана финансы кризистерин четтетүү боюнча ишмерчиликти тездетип каржылоо програмасына 1,2 млд. доллар белгиленген.

Ал эми, Д. Өмүрканов болсо ушул эле санга чыккан макаласы «Күн тартибинде өнөр

жайдын өнүгүшү», аттуу макаласында Биринчи вице-премьер-министр Өмрбек Бабанов Республиканын ири өнөр жай иш каналарынын жетекчилери менен кеңешме өткөргөнүн, анда улуттук өнөр жай тармагынын көч башын өнүктүрүү маселеси талкуулангандыгын баса белгилеп өткөн. Ушул эле, айда Марип Тайбачаров «экономика» аттуу рубрикага «Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк же өнүгүү жолундагы жаңы кадам»,- деп Камбар-Ата1 ГЭСи боюнча жана Россия ортосунда түзүлгөн келишимдер жана ошондой эле Россия тарап 1млрд. 700 млн. доллар түз инвестиция болорун, Россия Кыргызстанга 150 миллион долларды бюджетти колдоо максатында кайтарымсыз финансылык жардам алууга келишим түзөрүн кабарчы кеңири жазган.

Р.Жетигеновдун макаласы «Негизги максат-экономиканын өсүшүнө негиз түзүү»,- деп жарык көргөн. Бул жерде дүйнөлүк финансы кризиси республикабызга таасир этпегенин, буга өлкөбүздө фондулук рыноктун жаңыдан гана өнүгүп келаткандыгы себеп болгон сыяктуу. Республикада ипотекалык насыя берүү анчалык деле кулач жая электигин, америкалык капиталы бар банктар жок экенин, өлкөбүздө өзубуздүн жана казактардын банктары иштеп, алардын үлүшү 40 пайыз экенин жазган.

2009-жылды дүйнөлүк экономика үчүн оор жыл деп А. Эсенова мурдагы премьер-министр Игорь Чудинов менен Эл аралык валюта фондусунун (ЭФФ) Жакынкы Чыгыш жана Борбор Азия өлкөлөрү департаментинин директору Масуд Ахмед менен жолугушуусун гезит бетине жарыялаган. Жолугушууда талаптар негизинен, Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүү маселелери талкууланган.

«Дүйнөлүк кризистин таасири Кыргызстандын сода өнөкөттөштөрү болгон өлкөлөрдү да камтууда, ошондуктан республика өкмөтү бул кыйынчылыктан өтүүнүн жолдорун караштырууда, атап айтканда, инфиляциянын чукул өсүшүнө жол бербөөгө, сомдун курсун туруктуу кармоого кам көрүлүүдө»,- деп билдирген. Россия болгон мамлекеттик кредит жана грант боюнча өкмөт башчысы 300 млн. АКШ доллары көлөмүндөгү кредит социалдык мааниси бар экономикалык долбоорду ишке ашырууга жумшаларын жана Масуд Ахмед мырзанын «кризисти жөнгө салуу бир топ убакытты талап кылат»,- деп айткандыгын, болжол боюнча, 2009-жыл дүйнөлүк экономика үчүн оор жыл бойдон калат. ЭВФнын өкүлү фонд мындан ары да Кыргызстанга көмөктөшүү ниетин билдирген.

Азыркы жалпы кантиненттер боюнча жүргүзүп жаткан дүйнөнү глобалдаштыруу жараяны жана бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүү, ошондой эле жаңы рыноктук мамилелердин, массалык маалымат каражаттардын ортосундагы өз ара атандашуунун кырдаалына ар бир мезгилдүү басма сөздүн, радио уктуруу жана теле көрсөтүүнүн органдары өздөрүнүн окурмандары угармандары жана көрармандарынын көңүлүн тартып алуу боюнча аркыл ыкмаларды жолдорду анна түрлөрдү колдонууга мажбур болуп жатышканы-мыйзам ченемдүү көрүнүш. Антпегенде, алардын жүргүзүп жаткан практикалык маанайдагы иш аракеттеринен тиешелүү жана күткөндөгүдөй жыйынтыктар чыкпай калышы ажеп эмес.

Ушул кыйырдан алып караганда, ар бир басма сөз органы, анын ичинде айрыкча мезгилдүү басылмалар журналисттиканын белгилүү болгон баардык жанырларынын кеңири жана билгичтик менен колдонуунун негизинде жогорууда айтылган аныктамаларды жузөөгө ашыруу максатында тынымсыз түрдө иштеп жатышканын баса белгилеп кетүү зарыл. Алардын катарында талашсыз түрдө «Кыргыз Туусу» гезитинин тиешелүү орун алып жаткандыгы-талашсыз далил болуп саналат.

Эгерде биз журналисттика айдыңындагы эң негизги жана башкы деп аталган үч жанрды; маалымат, талдоочулук жана көркөм публицистикалык багыттарды эске ала турган болсок, анда басма сөз беттеринде, негизинен, аталгандардын ичинен дал ошол маалымат жанрлары башка орунду ээлеп турганына көзүбүз. Муну „Кыргыз Туусунун" аталган багытта жүргүзүлүп жаткан иш аракеттери менен таанышып жана илимий негизде изилдеп чыгуу толук бойдон көрсөтүп.

Автор тарабынан ушул жанрдын гезит бетинен орун алышы, мазмуну менен багыттарын талдап чыккан учурда (2009-2010-жж.) орто эсеп менен баардык жарыяланган материалдардын дээрлик 30 пайызына жакыны аталып кеткен маалымат жанрларына тиешелүү экндиги аныкталды.

Бирок, ушул жанрдагы талап кылынган материалдар өзүнөн өзү эле пайда боло калбайт эмеспи аны даярдап чыгыш үчүн басылмалардын тиешелүү журналисттери бир кыйла алдын алуу иш чараларын жүргүзө тугандыгы даана аныкталды. Изилдөө көрсөткөндөй, бул жараян бир кыйла тепкичтерди басып өтө тургандыгы белгилүү болду, бамдоо, алар мына.

1 Редакциянын тапшырмасы менен белгиленген маалымат жанрларына тиешелүү темания аныктоо;
2 Маалыматын булактарын издеп табуу;
3 Аны жыйноо, толуктоо, алымча-кошумчаларды киргизүү;
4 Топтолгон материалдарды иштеп чыгуу жана даярдоо;
5 Аны басылманын келерки сандарына жарыялаш үчүн тапшыруу;
6 Жазылган маалыматтык материалдарды гезит беттерине окурмандар үчүн жарыялап чыгаруу[3].

Эгерде жогоруудa айтылгандарды жалпы тартипке салып, анын башка багыттарын аныктоого аракет кылсак анда биринчи орунга маалыматтын булактарын күн мурунтан аныктап алууга жана аларды издөө болуп саналат. Ушул жерде булактардын кандай экендиги, аны алыш үчүн кимге кайрылуу жана алар менен кандай байланыш жүргүзүүнүн зарылдыгы чыгат.

Эмесе, маалымат булактарынын өтө эле арбын экенин эске алуу менен, анын негизгилерин атап кетели. Журналистикаык илимде жана массалык маалымат каражаттарынын кызматкерлерин жана жыш негизде турган маалымат булактары төмөкүлөр экендигине көзүбүз жетти.

— Маалыматтын булактарынын даректик, документалдык түрлөрү.
— Предметтик чөйрө журналистик маалыматтын булагы катары.

Бул эки көрсөткүч өз учурунда төмөнкү түшүндүрмөлөрдөн куралат, атап айтсак, журналисттерди маалымдоонун курамы (системасы), дагы мамлекеттик уюмдар маалыматтын булагы катары, маалымат жанрлары.

Адам журналистикалык маалыматтын булагы катары, буга дил маек (интервью), массалык түрдө дилмаек куруу жана анкеттештирүү, башкача айтканда суроо-жооп иретиндеги иш аракеттерди өткөрүү, аягында жалпы жыйынтык (резюме) чыгаруу. Ушул талаптардын баардыгы, жмаалымат жанрлары боюнча иштеген кызматкерлерине тишелүү көрүнүш экендиги автор тарабынан толук бойдон аныкталды.

Мындан тышкары, аталган басылмада маалыматты издеп табуудан мурда журналисттер эң алды аны алууга укуктуу болушу, маалыматты сурап билүүнүн тартибин издөөнүн жана ага ээ болуунун укугунун кепилдигине кепилдигине жетүү, коммерциялык жана кызматтык купия-сырды сактай билүү, маалыматтык сырларга тиешелүү болгон маалыматты жарыялап жибергендиги үчүн жооп тартуу сыяктуу маселеледи туура билүү жана колдонуу болуп саналат.

„Кыргыз Туусу“ гезиттинде маалымат жанрлары кеңири түрдө жарыялангандыгын байкадык. Алардын ичинен кыскача кабарлар, интервью, маалыматтуу отчет, маалыматуу кабарлар (коррепонденция) кездешет. Ал эми, репортаж, блиц-бейне, программалык маалымат, фактологиялык маалыматтар аз жолугат. Төл гезитибиз „Кыргыз Туусунда“ сөз эркиндиги жана журналисттердин жоопкерчилиги. Сөз эркиндиги тууралуу айта турган болсок бул термин журналистика тармагына түздөн –түз тиешелүү. Анткени, өлкөдө, дүйнөдө болуп жаткан ар кандай окуяларды, жаңылыктарды телеберүүдөн көрөбүз, радиодон угабыз, газетадан окуйбуз. Ошондуктан телеберүү мамлекеттин күзүсү, радио элдин кулагы, гезит

аныктык болуп эсептелет.

Масаалык маалымат каражаттары, анын ичинде басма сөз коомдук көз караштын калыптанышына таасир тийгизип, граждандык коомдук көз караштын калыптанышына таасир тийгизип, граждандык коомдуконтролдоп турат.

Кыргызытандагы ММКнын азыркы абалы

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Тертычный. Жанры периодической печати. М. 2000. 88-89 бет
2. Ибраева.К. Куликова. С. Кыргызстандагы Массалык Маалымат Каражаттарынын Өнүгүү Тарыхы Жана Азыркы Абалы. Бишкек. 2002.
3. Солганик Г.Я. Стиль хроникальной информации// Стилистика газетных жанров. / Под ред. Д. Э. Розенталя. – М.: Изд-во МГУ, 198
4. Кыргыз Туусу. Кыргызстан бизнестин чылбырын бекем кармоодо. 27-февраль 2009-жыл. 5-бет.